**ИЗДАНИЯ ДЛЯ УЧИТЕЛЕЙ**
**25.04.2013.**

**К.Д. Добаев, п.и.д., профессор**

# Кыргызстандагы билим берүү тармагындагы көйгөйлүү маселелер

Кыргызстанда билим берүүнүн абалы тууралуу жалкоолор гана сөз кылышпайт. Бул түшүнүктүү. Коомдун жакырдануусун байкоого ашыкча акылдын зарылдыгы жок. Дагы суроо жаралат: ким күнөөлүү, билим берүүнүн абалын кантип оңдоого болот? Билим берүүгө таасирин тийгизе турган көптөгөн себептерди санап берүүгө болот. Мисалы, финансылоонун (каржылоонун) жетишсиздиги, республика боюнча эмгек акынын жогорулаганы менен кайра эле ортодон төмөн болуп калгандыгы. Же болбосо, билим берүү министрлигинин иш билбестик менен уюшулган менеджментин күнөөлөсөк болот, министерстводогу кээ бир чиновниктердин (мыкчыгерлердин) ойлонбой жүргүзгөн иш-аракеттери же эч кандай аракет жасабагандыгы, окуу китептеринин жана окуу-методикалык көрсөтмөлөрдүн жетишсиздиги, же болбосо педагогикалык багытта бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттуу уюштурулбагандыгы ушул сыяктуу себептерди чексизге чейин санай берүүгө болот.

Бирок эң башкы себеби, көптөгөн окумуштуу – изилдөөчүлөр айткандай, Кыргызстанда билим берүү системасы **башынан эле туура эмес түзүлгөн**. **Туура эмес түзүлгөн** дегени кандай?- деген суроо жаралат. Билим берүүбүздөгү туура эместик эмнеден байкалат? Эгер туура эмес түзүлсө, биздин окуучуларыбыз Эл аралык олимпиадаларда, дайыма болбосо да алдыңкы (сый) орундарды алып жатканын кандайча түшүндүрөбүз? Эгер туура эмес түзүлсө, эмне үчүн «акыл-эс» дайыма чет элге агылып кетүүдө? Биринчи болуп жерге жакын орбитада спутникти ким учурган, ким биринчи атом бомбасына алгачкы сыноо жасаган ж.б.у.с. Ошентсе да, кайра кайталап айтабыз, биздин билим берүү системабыз туура эмес түзүлгөн. Муну бардыгы эле сезип жатат. Бирок аны эч ким мойнуна алгысы келбейт. Ата-энелердин арасында кандай болгондугуна карабай, мектепке сокур ишеничтери бар. Аталар жана энелер мектепке баргандыктан балдарынын акыл-эси, физикалык, руханий өнүгүп жатат деген ишеничте, бул жаңылыштык менен күрөшүү абдан оор. Бул тээ илгертен биздин билим берүү системабыз «эң мыкты» деген терең сиңген стереотиптен улам калган. Эгер бизде «эң укмуш билим берүү болсо», анда биз, албетте, профессионалдуу (кесипкөй), акылдуу жана сабаттуу болуп эсептелебиз. Биз ошончолук кесипкөй, акылдуу жана сабаттуу болсок, анда эмне үчүн жаратылыш байлыктары арбын өлкөдө жакыр жашайбыз? Улуу жараткан мээрин төккөн жерибизде эмнелер гана жок байкагылачы! Мен флора жана фауна тууралуу эле кеп кылган жокмун. Бул бейиштин жердеги бир үзүмү. Кен байлыктарычы. Алтын, нефть, газ, таш көмүр, сейрек кездешүүчү

металлдар. Таза суунун запастары. Мындай өлкөдө жашап жатып өнүгүү жок жакырчылыктын чуңкурунда калуу өкүнүчтүү.

Эми, мектеп жана жогорку окуу жайларынын билим берүү системасында эмнелер болуп жатканын баамдасаңыздар.

Бардыгы билим берүү системабыздын туура эмес түзүлгөндүгүнөн келип чыгууда. Эмне үчүн билим берүү мындай абалда калды деген суроо жаралат? Бул XX кылымдын 30-жылдары СССРдин бардык мектептери үчүн бирдиктүү окуу планы милдеттүү түрдө нормативдик документ катары киргизилгенден башталган, ошол учурдан бери мектептерде билимди билим берүүдө негизги курам деп караганбыз. Бул эмне дегендик? Мектепте окутууда негизги көңүл билимдерди калыптандырууга бурулган. Бардык сабактарды үйрөнүүдө билим негизги орунда болгон.

Окуучу илимий фактыларды, теоремаларды, эрежелерди, формулаларды, таблицаларды жана башкаларды практикага байланышсыз эле эстеп калуу башкы орунда болгон. Практика эң акыркы орунга калтырылган. Бул анча маанилүү болгон эмес. Окуучу окуган, эстеп калган жана айтып берген. Эмнегедир ата-энелердин, мугалимдердин, окуучулардын арасында мектеп аларды жогорку окуу жайларына өтүүгө даярдайт деген ишеним бар эле. Бардык окуучулар жогорку билимдүү гана болгулары келет. Бул стереотип кайдан чыккан? Эмне үчүн бардыгы институттарда, университеттерде окуусун улантышы керек? Башка кесиптер: сантехник, ашпозчу, тракторист, сатуучу жана башкалардын кереги тийбейби? Биздин экономикада мектепти бүтүрүүчүлөрүнүн 10% гана жогорку билим алууга мүмкүнчүлүгү бар. Ким чет мамлекетте болсо заводдогу слесардын жана университеттин профессорунун жашоо деңгээлдери анча деле айырмаланбагандыгын билет жана көргөн. Алардын ар биринде экиден-үчтөн авто унаа бар. Бардыгында жашоо-тиричилик бирдей. Өз кесиби менен слесарь, сантехник, электрик сыяктуу эле ашпозчу да сыймыктана алат. Биздин балдарыбыздын акыл-эсине экономист болуу сонун, ал эми ширетүүчү болуу анча эмес деген ойду ким киргизген? Бул биздин аң сезимибизге кайдан келген?

Демек, мектеп аларды жашоого даярдаган эмес. Мектепте берген билим турмушта таптакыр башкача болуп чыккан. Бул биздин билим берүү системасы туура эмес түзүлгөн деген проблеманын бир бөлүгү гана. Андан ары ой жүгүртсөк, эмне үчүн биз бардыгын бирдей программа менен окутуп, бирдей талап коюшубуз керек деп ойлонгон жокпуз. Мурдатан эле илимде далилдегендей, ар бир адам жаратылыштан (табийгаттан) берилген өз ырыскысы менен төрөлөт. Бирлеринде так илимдерге, экинчилеринде гуманитардык илимдерге, үчүнчүлөрдө техникалык же чыгармачылыкка шыктуулук болот. Профессор В.П.Беспалько жазгандай: «инсанды окутууда генетикалык касиеттерин эсепке алуу ата мекендик педагогикада россиялык улуу физиолог, академик И.П.Павловдун инсандарда интеллектуалдык касиеттериндеги айырмалардын өзгөчөлүктөрү боло тургандыгы жөнүндө, ал адамдарды эки радикалдуу топко: **артисттерге жана ойчулдарга** бөлгөндүгүнөн башталган.

«Артисттер» категориясына И.П.Павлов тубаса жөндөмүндө (артыкчылыгы) гуманитардык акыл-эске жакын адамдарды киргизген. Мындай эс-акылдагы адамдар көрсөтмөлүү маалыматтарды жана бүтүндүк формада жакшы кабыл алышат. Алар конкреттүү, предметке багытталган ой жүгүртүүгө ээ жана майда деталдарга баа бере беришпейт. Алар логикалык-математикалык абстракцияларды түшүнүүдө татаалдыктарга туш келишет.

Артисттерге карама-каршы «ойчулдар» ийкемдүү абстрактуу ой жүгүртө алышат, объекттерди жана окуялардын касиеттерин логикалык-математикалык методдор менен жеңил эле өздөштүрүп алышат» [Беспалько В.П. Природосообразная педагогика. – М.,2008, - С.34.]

Жалпы билим берүүчү мектептин окуучуларынын 10-15% гана математиканы арифметикадан өйдө өздөштүрө алат. Анда эмне үчүн бардыгына сабактын стандарттарында пландалгандай көлөмдө математиканы окутуу керек? Мунун зарылдыгы барбы? Албетте, жок, бул анык. Гумантардык багыттагылардын күнүмдүк жашоосунда баштапкы мектептин деңгээлиндеги эле билим жетиштүү болсо, интеграл, теңдеме, функциянын кереги эмне? Эгерде ал математикалык эсептөөгө байланыштуу адистик тандаса, анда башка кеп. Анда тереңирээк, түбүнө жете үйрөн. Бул билим берүү системабыз туура эмес түзүлгөндүгүнүн дагы бир аргументи.

Биздин оюбузча, билим берүүнүн туура эмес өнүгүшүнө БКП (б) БК нын 4-июнь, 1936-жылдагы «Эл агартуу комиссарларынын педологиялык бурмалоолору жөнүндө» токтому билим берүүнүн өнүгүшүнө өзүнүн терс таасирин тийгизди. Эмне үчүн? Анткени, бул токтомдон кийин мамлекеттик деңгээлдеги теңдемечилик расмий түрдө киргизилип жатпайбы. Билим берүү системасындагы теңдемечилик деген эмне? Бул баарынан мурда, мектептеги сабактарга мамлекеттик билим берүү стандарттары, окуу пландары жана окуу программалары, окуу-тарбия берүү процессин бирдей уюштуруу талаптары.

Жалпы 7 жылдык окутуудан жалпы орто билимге чейин окутуунун бирдей деңгээли. Биз бардыгыбыз жалпы орто билим берүү менен таанышпыз. Адам окугусу келбесе же жөндөмдүүлүгү жок болсо, биз аны толук орто билим алууга, жетилүү аттестат алганга чейин сүйрөйбүз. Натыйжада, эмне болсо, ошо болот. Эмнелерге жетишебиз? Массалык сабатсыздыкка жана мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдериндеги кесипкөйсүздүккө. Университеттин бүтүрүүчүлөрү жалпы билим берүүчү мектептин 7-8-класстарынын программасын өздөштүрө албагандыгын кантип түшүндүрөбүз? Жогорку классын окуучулары араң эжелеп окугандыгын эмне деп түшүндүрөбүз? Дагы эле жалпы орто билим берүүчү мектептердин кээ бир бүтүрүүчүлөрү эптеп муундап окушат жана ар бир сөзүндө грамматикалык ката кетиришет.

Бул да коркунучтуу эмес. Эң коркунучтуу нерсе – мектеп программасын көтөрө албай жана өздөштүрө албаган темаларга дайыма коркуудан улам стресске туш болуп, биздин балдар ден соолуктарынан ажырап жатканы.

Эң өкүнүчтүүсү – муну менен эч кимдин иши да жок. Билим берүү министрлигинин да, мамлекеттин да. Келечекте биздин ордубузду баса турган адамдардын ордуна мектеп оорулуу жана психикасы бузулган жарандарды чыгарып жатса,  кайсы генефонд жөнүндө айта алабыз. Буга ким жооп берет? Биз жана биз, бардыгыбыз, билим берүү системасында болуп жаткандарга жооп беребиз. Биз менен сиздердин унчукпас макулдугубуз жана аракетсиздигибизден, ошондой эле, билим берүүдөгү проблемалардын олуттуулугун түшүнбөгөндүгүбүздөн ушундай абалга туш болдук.

Ар бир үч жылда ЭКӨУ (ОЭСР)  өлкөлөрү өткөргөн, дүйнөнүн өнөр жайы өнүккөн мамлекеттери кирген PISA Эл аралык салыштырма изилдөөлөрүнүн натыйжалары биздин атка минерлерди тынчсыздандырган да жок.  Салыштырма изилдөөлөрдүн жыйынтыктары бардык мамлекеттерде билим берүү тармагындагы саясатты оңдоп-түзөөнүн мыкты барометри болуп эсептелет. Мындан тышкары, эгер окуучулардын көрсөткүчтөрү начар болсо, министрлер, Өкмөт бийликтен кетет. Биздечи? Биздин чиновниктер үчүн PISAнын жыйынтыктары капталдан чыккан жолтоо. Таңкалычтуусу биздин балдар билим сыноолордо акыркы орун алганына ким изилдөө жүргүзсө, ошолор күнөөлүү, анткени, андагы тапшырмалар, мектепте окутулуп жаткандагыдай эмес, б.а., Кыргызстан өз балдарын туура окутуп жатат, бүт дүйнө жүзү – Америка, Япония, Дания, Корея бардык өнүккөн өлкөлөр туура эмес окутушат. Биздин билим берүү системасындагы парадокс ушул эмеспи? Жаңы Өкмөттүн келиши менен билим берүү системасында түп тамырынан өзгөрүүлөр кирер деген үмүт пайда болгон, ал Өкмөттүн саясий эркин көрсөтмөк. Билим берүүдө өзгөрүүлөрдү киргизүүгө тарыхый мүмкүнчүлүк жаралган, бирок оңолсок деген тилегибиз тилек бойдон эле калып калды. Өкмөттүн «Туруктуулук жана жетиштүү жашоо» программасынын (КР ЖК № 1451 – V, 2011-ж., 23-декабрындагы токтому) айрым натыйжалары буга далил. Түбөлүк суроого айланган: эмне үчүн мындай деген суроо жаралат?  Баарынан мурда, бул документтерди даярдаган адамдардын кесипкөйсүздүгүнөн. Бийлик жөн гана форма (проформа ) өзгөртүү үчүн эле жүргүзгөн сыяктанат, жарандык коомдун эле эмес, илим жана билим берүү тармагындагы абройлуу окумуштуулардын пикирлерин укпай койгон. Мындан тышкары, билим берүү министрлигинде мурдунун учунда эмне болуп жатканына кайдыгер адамдар отурушат. Алар үчүн жогору жактан келген кагазга кол коюу маанилүү. Алардын ишке ашырылганы чиновникке маанилүү эмес. Ал жакта чөп да чыкпас (иш ордунан жылбайт). Гоголдун «Өлүү жандарындагыдай» бардыгы кагаз жүзүндө. Эмне кылуу керек?

1. Коомчулук, Өкмөт билим берүүгө жүзү менен бурулса. Биз акыры, экономиканы билимдүү, кесипкөй адам жасарын түшүнүшүбүз керек, өзгөчө жогорку технологиялуулугу менен мүнөздөлгөн заманбап экономиканы. Калктын жалпы санынан элитанын 1% пайызынан ашпаган коом, заманбап экономиканы кура алабы? Албетте, жок. Башка мамлекеттердин тажрыйбасы жана статистикалык маалыматтар көрсөткөндөй, эгер калктын жалпы

санынан элитанын пайызы 6-7% дан төмөн болсо, заманбап экономиканы куруу кыйын. Биз өлкөбүздү узакка созулган кризистен чыгарууга жөндөмдүү адамдарды, чыныгы кесипкөйлөрдү даярдап чыгармайынча, эч кандай инвестициялар экономиканы көтөрө албайт. Ошондуктан келечекте билим берүүнү инвестициялоо – экономикабыздын ийгилиги боло алат. Мамлекет үчүн артыкчылыктуу тармак билим берүү болушу керек.

2. Билим берүү аркылуу башкарууну толук реформалоо зарыл. Маалымат-коммуникативдик байланыштар мыкты өнүгүп жаткан мезгилде жаңылоо (модернизация) процесстерин токтотуп жаткан атка минерлердин штатын кармап туруу зарылбы? Албетте, жок. Эмне үчүн ар бир районго күчтүү сервер коюп, бир инженер-операторду отургузуп коюуга болбосун? Ал күнүгө райондун мектептеринде эмне болуп жатканы тууралуу маалыматтарды жаңылап жана оңдоп турмак. Министр иш бөлмөсүнөн чыкпай, каалаган райондун сайтына кирип, чыныгы жана ишенимдүү маалыматтар менен тааныша алмак. Ошондой эле, ага ылайык көрсөтмөлөрдү бермек. Азыркы учурда Эл аралык уюмдар тарабынан акчалар ар түрдүү семинарларды каржылоого кетип жатат. Аларды Кыргызстандын билим берүү тармагын башкарууга: маалымат-коммуникациялык байланышын түзүүгө багыттасак жакшы болмок. Бул Кыргызстандагы билим берүү системасын бир кыйла жакшыртмак. Кыргызстандын региондорунда интернет болгону жакшы жөрөлгө. Биздин министр тигил же бул көйгөйлөрдүн жыртык-тешигин бүтөөгө региондорду кыдырат, ушул эле иштерди кабинетинен чыкпай эле онлайн ж.б. режимдерде райондун директорлору менен конференцияларды өткөрүп, же болбосо жекече сүйлөшө алмак. Мунун бардыгы билим берүүнүн өнүгүшүнө күчтүү импульс бермек.

3. Мектептерде, орто жана жогорку кесиптик билим берүү системасында кандай адистерди, эмнеге даярдап жатканыбызды ачык жана так айта алышыбыз керек. Жалпы билим берүүчү мектептин урааны – ар тараптуу өнүккөн инсанды даярдоо – эч кандай жоопкерчилиги жок, куру сөз. Ар тараптуу өнүккөн инсан деген ким? Кимдир бирөө мындай инсанды текшерип көрдү беле? Же мындай инсанды кантип аныктоого болот? Демек, биз бардык деңгээлдерде реалдуу талдоого алына турган жана салмактуу максаттарды аныктап-тактап алышыбыз абзел. Эл аралык тажрыйбаны эске алышыбыз керек, биринчи кезекте, БУУ кабыл алган документтер негизги орунда болушу зарыл. Мисалы, ЮНЕСКО тарабынан колдонгон документтердин биринде жалпы билим берүүчү мектептер умтула турган 5 негизги артыкчылык көрсөтүлгөн:

- сан менен иштөөгө үйрөнүү – математикалык сабаттуулук, математикалык билимдерди практикалык маселелерди чечүү үчүн колдонуу;
- сынчыл ойлом –маалыматты талдай алуу мүмкүнчүлүгүн жана өз алдынча ой жүгүртүүнү калыптандырууну камсыз кылуучу базалык жөндөмдүүлүк;
- конкреттүү жашоо кырдаалындагы проблемаларды көрө билүү жана чечүү жөндөмдүүлүгү;

- социалдык жана эмоционалдык компетенттүүлүктү өнүктүрүү, алар гетерегенндүү топтордо, б.а., бирдей ой жүгүртүүнү колдогон топтордо эмес, ар түрдүү ой пикирдеги жана ынанымдагы адамдар менен тил табышуу жөндөмдүүлүгү;
- азыр бардык жашоо тармактарында зарыл болгон маалымат-компьютердик технологияларды өздөштүрүү.

Бул компетенцияларды түптөө мектепте билим берүүнүн мазмунуна багытталышы зарыл.

Кесиптик билим берүү реалдуу экономикага багытталып, өзгөрүлмөлүү экономика жана социалдык чөйрөнүн артыкчылыктарына ийкемдүү болушу керек. Биз алдыңкы кесиптик билим берүүсүз – Кыргызстанда инновациялык жаңылык болбостугун түшүнүшүбүз абзел. Бул максаттарга убакытты, каражатты үнөмдөбөшүбүз шарт. Бул келечекти инвестициялоо.

4. Билим берүү мыйзам ченемдүү, жеке адамга таандык, инсанга багытталган болушу керек б.а., схоластикалык, жашоодон алыстаган марксистик-советтик педагогикага эмес, илимий педагогикага Коменский, Локк, Пестолоцци, Дистерверг, Ушинский, Макаренко, Кумарин, Беспалько сыяктуу адамзаттын улуу акылкөйлөрүнө таянышыбыз оңдуу.